**ОшМУнун Эл аралык медицина факультетинин**
**анатомия, гистология жана нормалдуу физиология кафедрасынын**
**кезектүү отурумунун**
**№ 2 ПРОТОКОЛУ**

**2025-жылдын 23-сентябры**

*Өтүлүүчү жай: Ош ш., ЭАМФ, АГНФ кафедрасы, 108-окутуучулар каанасы*

1. Төрага –Джолдубаев С.Дж.
2. Катчы – Ташимбетова Ү.К.
3. Катышкандар: 19
4. Катышпагандар: 1

**Күн тартибинде:**

1. **Ачык сабактардын, окутуучулардын кафедрада нөөмөткө туруусунун, сабактарга өз ара катышуусунун, студенттердин өз алдынча иштеринин (СӨАИ, ОСӨАИ) графиктерин бекитүү жөнүндө;**
2. **Кафедранын дисциплиналары боюнча окуу-усулдук комплекстердин электрондук варианттарын MyEDU порталына жүктөө жөнүндө;**
3. **ОшМУнун стратегиялык өнүгүү программасындагы QS рейтинг критерийлеринин негизинде кафедрада аткарылып жаткан илимий-изилдөө иштеринин абалы жөнүндө;**
4. **Кафедранын окуу-усулдук колдонмолорунун планын бекитүү жөнүндө;**
5. **Ар түрдүү маселелер.**

**1.Угулду: кафедра башчысы С.Дж.Джолдубаев** күн тартиби менен окутуучулар жамаатын тааныштырып, 1-маселе боюнча сүйлөдү: 2025-2026-окуу жылына карата ачык сабактардын, окутуучулардын сабактарга өз ара катышуусунун графигин түзүп, бекитүү керектигин билдирди жана кафедранын окуу-усулдук иштеринин төрайымы К.З.Максимовага бекитүүгө даярдашына тапшырма берди. Кафедрада окутуучулардын нөөмөткө туруусунун графиги да түзүлүп, бекитилсин деди. Ошондой эле окутуучуларга нөөмөтүн так аткарууну жана кечикпей келүүсүн суранып кетти. Ачык сабактар боюнча сөз болгондо алар өз убагында өтүлүп, ачык сабактарды сөзсүз түрдө окутуунун интерактивдүү усулдарын колдонуу менен өтүү керектигин жана ошол күнү сабактын документтерин (сайтка жүктөгөнү фото отчет, ачык сабакты баалоо чек-листтери, ж.б.) тапшыруусун белгилеп кетти. СӨАИ, ОСӨАИнин да графиктерин түзүүнү дисциплина башчыларына тапшырды.

**2. Угулду: кафедра башчы С.Дж.Джолдубаев сөзүн улантты:** 2025-2026-окуу жылы үчүн кафедранын дисциплиналары боюнча окуу-усулдук комплекстердин электрондук варианттарын MyEDU порталына тезинен киргизүү зарылдыгын баса белгилеп өттү жана буга ар бир окутуучу жооптуу экендигин билдирди. Деканат тарабынан текшерилерин да айтып өттү.

**3. Угулду: кафедранын илимий-изилдөө иштерине жооптуу, доцент А.Т.Аргынбаева сөзгө чыкты**. Ал өз сөзүндө ОшМУнун стратегиялык өнүгүү программасындагы QS рейтинг критерийлеринин негизинде кафедрада иштер аткарылып жатат, жылына SCOPUS базасында индекстелген журналдарга бардык окутуучулар 1ден илимий макала жана 1ден усулдук колдонмо чыгаруусу керектигин белгиледи. Студенттерди илимий иштерге аралаштыруу жана алар менен биргеликте жылына бирден макала чыгаруу зарыл экендигин белгилеп кетти. Доктордук жана кандидаттык диссертацияларды даярдоо жана коргоо иштери алдыга жүрүп жаткандыгын жана кафедрадагы аспиранттардын жана PhD докторанттардын коргоо иштери 2026–жылга пландалып жаткандыгын билдирди.

**4.Угулду: кафедра башчысы С.Дж.Джолдубаев сөз сүйлөдү:** "Урматтуу коллегалар, өзүңүздөр билгендей жаңы окуу жылына карата дисцилиналар боюнча окуу-усулдук комплекстерин жаңылоо керектиги айтылган жана бул ишке жооптуу К.З.Максимовага тапшырма берилген болчу. Азыркы учурда окуу-усулдук колдонмолордун планы даярдалды жана бекитүүгө сунушталсын деп билдирди.

**5. Угулду: ар түрдүү маселелер боюнча 2025-2026-окуу жылы үчүн кафедранын дисциплиналары үчүн компетенциялардын матрицасын талкуулоо жана бекитүү боюнча кафедра башчы С.Дж.Джолдубаев сөзүн улады:** "Урматтуу окутуучулар, өзүңүздөргө маалым болгондой, ар бир дисциплинанын күтүлүүчү натыйжасына жетүүдө (РО), профессионалдык компетенциялар (ПК), инструменталдык компетенциялар жана предметтер боюнча калыптандыруучу компетенциялар колдонулат. Быйылкы 2025-2026-окуу жылы үчүн жаңы НББП (ООП) иштелип чыкты, силлабус, ОМКларды жаңы НББП менен толуктап, өзгөртүү киргизиңиздер",-деп сөзүн жыйынтыктады.

Кафедранын ОУКнин төрайымы К.З.Максимова: "Саламатсыздарбы! Быйылкы жаңы окуу жылында компетенцияларга өзгөртүү киргизилди, силлабус, ОМКларды жаңылап, мага текшерүүгө берсеңиздер, аны карап чыгып, бекители",-деп сунуштады.

Жогорудагы маселелерди угуп жана талкуулап, айтылган сунуштарды эске алуу менен анатомия, гистология жана нормалдуу физиология кафедрасы төмөнкүдөй

**Токтом кылат:**

1. **Ачык сабактардын, окутуучулардын кафедрада нөөмөткө туруусунун, сабактарга өз ара катышуусунун, студенттердин өз**

**алдынча иштеринин (СӨАИ, ОСӨАИ) графиктери түзүлүп, бекитилсин.**

2. **Кафедранын дисциплиналары боюнча окуу-усулдук комплекстердин электрондук варианттарын MyEDU порталына жүктөө көзөмөлгө алынсын.**
3. **ОшМУнун стратегиялык өнүгүү программасындагы QS рейтинг критерийлеринин негизинде кафедрада аткарылып жаткан илимий-изилдөө иштеринин абалы канааттандыраарлык деп табылсын.**
4. **Кафедранын окуу-усулдук колдонмолорунун планы бекитилсин.**
5. **2025-2026-окуу жылы үчүн кафедранын дисциплиналары боюнча компетенциялардын матрицасы бекитилсин.**

**Төрага:** **С.Дж.Джолдубаев**

**Катчы:** **Ү.К.Ташимбетова**